**СОЦИОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ**
**СОЦИОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**
**SOCIOLOGICAL SCIENCES**

**DOI:10.26104/NNTIK.2023.29.45.032**

*Мурзаев М.С.*

# ИДЕОЛОГИЯ ЖАНА УЛУТТУК МЕНТАЛИТЕТТИ СОЦИАЛДАШТЫРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Мурзаев М.С.*

# ИДЕОЛОГИЯ И ПРОБЛЕМЫ СОЦИАЛИЗАЦИИ НАЦИОНАЛЬНОГО МЕНТАЛИТЕТА

*M. Murzaev*

# IDEOLOGY AND PROBLEMS OF SOCIALIZATION OF NATIONAL MENTALITY

*УДК: 371: 37.01 (575.2) (04)*

*Макалада ааламдашуунун, маданияттардын карым-катышынын күчөшү, маалымат технологияларынын тез өнүгүп жатышы улутубузду деградацияга алып келип жаткан шартта, замандын талаптарын эске алып идеологиянын иштелип чыгылышы жана анын негизинде жаш муундарыбызга улуттук таалим тарбия берүүдө рухий тарбия бүгүнкү күндөгү зарылдык экендиги ачып берилди. Ошондой эле макалада кыргыз улуттук маданияттагы инсанды социалдаштыруу маселелери идеология менен байланышта каралып, идеология коомдук талаптарга ылайык элдин аң-сезимин өстүрүүгө, өзгөртүүгө багытталары ачып көрсөтүлдү жана анын жаш муундарыбызга улуттук негиздеги таалим тарбия берүүдөгү ролу ачып берилди. Идеология коомдук аң-сезимдин жогорку деңгээли, татаал коомдук рухий билимдердин системасы катары эл массасына стимул берүүчү теориялык негиздеги күч болуп, ал бир же бир нече идеялардын топтомунан турат жана аны элге кантип жеткирүү керектигин, анын каражаттарын, жолдорун, усулдарын, ыкмаларын аныктайт. Идеология эл үчүн күйүп бышкан, элдин кызыкчылыгын ойлоп иш туткан жаңы муунду, өлкө үчүн ак дилден кызмат кылчу атуулдарды калыптандырууга багытталышы зарыл. Социалдаштыруу жаш муундардын социалдык чөйрөнүн жүрүм-турум нормаларын, эрежелерин өздөштүрүүсүнө, аларды коомго кийирүүгө жана андагы баалуулуктарды, турмуштук маани-мазмунду, жашоо принциптерин өздөштүрүүгө мүмкүндүк берери ачыкталды. Идеологияны иштеп чыгууда санариптик заман талаптарына ылайык иш алып барууга басым жасоо зарыldык болуп саналат жана ал жаш муундары улуттук негизде социалдаштырууга мүмкүндүк берет.*

***Негизги сөздөр:** ааламдашуу, маданияттардын карым-катышы, эгемендүүлүк, идеология, улуттук идеология, маданият, менталитет, маалымат технологиялары, социалдашуу, социалдашуу салттары.*

*В статье показано, что в условиях глобализации, бурного развития межкультурных связей и информационных технологий остро востребованным является разработка идеологии с учетом требований времени. Также рассмотрена тесная связь идеологии и традиции социализации личности в кыргызской национальной культуре. Показано роль идеологии в воспитании подрастающего поколения на традициях народной педагогики. Идеология – как высокий уровень общественного сознания, система сложных социальных духовных знаний и теоретическая сила, которая направлена на изменения общественного сознания людей и стимулирует массы людей на решение сложных общественных задач. Она состоит из одного или нескольких комплексов идей и определяет способы ее донесения до народа, определяет ее средства, способы и методы. Идеология должна быть направлена на формирование нового поколения людей – любящих свой народ, действующих в интересах народа и беззаветно служащих стране, патриотов. Социализация позволяет подрастающему поколению освоить поведенческие нормы и правила социальной среды, интегрировать их в общество, освоить его ценности, смысл жизни, жизненные принципы. Сегодня необходимо разработать идеологию с учетом требований цифровой эпохи и социализировать подрастающее поколение на основе национальной культуры с учетом требований времени.*

***Ключевые слова:** глобализация, взаимодействие культур, независимость, идеология, национальная идеология, культура, менталитет, информационные технологии, социализация, традиции социализации.*

*The article shows that in the conditions of globalization, the rapid development of intercultural relations and information technology, the development of ideology taking into account the requirements of the time is in urgent demand. The close connection between ideology and the tradition of socialization of the individual in the Kyrgyz national culture is also considered. The role of ideology in educating the younger generation based on the traditions of folk pedagogy is shown. Ideology is a high level of social consciousness, a system of complex social spiritual knowledge and theoretical force that is aimed at changing the social consciousness of people and stimulates the masses of people to solve complex social problems. It consists of one or more sets of ideas and determines the ways of conveying it to the people, determines its means, methods and methods. Ideology should be aimed at forming a new generation of people - those who love their people, act in the interests of the people and selflessly serve the country, patriots. Socialization allows the younger generation to master behavioral norms and rules of the social environment, integrate them into society, master its values, the meaning of life, life principles. Today it is necessary to develop an ideology taking into account the requirements of the digital era and socialize the younger generation on the basis of national culture, taking into account the requirements of the time.*

***Key words:** globalization, interaction of cultures, independence, ideology, national ideology, culture, mentality, information technology, socialization, traditions of socialization.*

Азыркы кезде ааламдашуунун, маданияттардын карым-катышынын күчөшү, маалымат технологияларынын өнүгүшү улуттубузду деградацияга алып келип, улут катары жок болуп кетүү коркунучун жаратып олтурат. Мунун бир себеби эгемендүүлүк жылдардан бери мамлекеттин идеологиясы иштелип чыга электиги менен байланыштуу. Натыйжада өлкөнүн өнүгүү жолу аныкталбай, коом деградацияга учурап, коомдо ыймансыздык күчөп, эл ичинде балдарга, аялдарга карата зордук-зомбулук күч алды ж.б.у.с. Жогоруда айтылган коомдогу терс көрүнүштөр жаш муундарыбызды социалдаштырууга өзүнүн терс таасирин тийгизүүдө, натыйжада кыргыз элинин маданияты, менталитети бузулууда.

Идеологиясыз жашоого болбойт. Себеби адам, адамдар тобу, мамлекет идея менен жашайт. Ал идеяны (абстрактуу нерсени, келечекке болгон үмүт тилекти, максатты ж.б.) турмушка ашыруу (өз турмуш практикасында ээ болуу, ишке ашыруу ж.б.) системалуу түрдө жүрүүчү ишмердиктерди талап кылат.

**Идеология –** коомдук аң-сезимдин татаал системасы катары, эл массасына стимул берүүчү руханий күч болуп, мамлекеттин, өлкөнүн, адамдар тобунун, улуттун ж.б. өзөккү идеясын (өнүгүү, сактануу, коргонуу, басып алуу, ээлик кылуу ж.б.) турмушка ашыруу системасы болуп эсептелет [3].

**Идеология** (греч. ἰδεολογία; от ἰδέα «прообраз, идея» + λόγος «слово, разум, учение») – система концептуально оформленных идей, которая выражает интересы, мировоззрение и идеалы различных субъектов политики – классов, наций, общества, политических партий, общественных движений – и выступает формой санкционирования существующего в обществе господства и власти (консервативные идеологии) или радикального их преобразования (идеологии «левых» и «правых» движений); идеология и форма общественного сознания – составные части культуры, духовного производства [5].

**Идеология** – коомдук татаал рухий билимдердин тутуму (системасы) болуп, эл массасын белгилүү багытта үгүттөөгө, жетектөөгө, элди аракеттерге стимулдаштыруучу күчкө ээ болгон, теориялык негиздеги коомдук аң-сезимдин формасы. Башкача айтканда, коомдук аң-сезимдин жогорку деңгээли, татаал коомдук рухий билимдердин системасы болуп, теориялык негиздеги эл массасына стимул берүүчү күч жана бир же бир нече идеялардын топтомун элге кантип жеткирүү керектигин, анын каражаттарын, жолдорун, усулдарын, ыкмаларын аныктайт [2 68-б.].

Идеология максатка жеткирүүчү идеяны турмушка ашырууга багытталган коомдук күч болуп саналат. Ал өз ичине коомдун бүт тармагын жана коомдо жашаган элдердин бүт катмарын өзүнө камтыйт [4].

Улуттук идеянын маани-мазмунун улуттун келечекте эмнеге жетишиши, кандай улут болушу түзөт. Ал эми аны турмушка ашыруу - улуттук идеологияны талап кылат.

Идеология – коомдук талаптарга ылайык элдин аң-сезимин өстүрүүгө, өзгөртүүгө, Кыргызстанда ар башка улут өкүлдөрүндө улуттук биримдикти жана мекенчилдик сезимди калыптандырууга багытталышы зарыл. Ошондо гана эл күткөн натыйжаларга жетише алабыз. Ушундай максатта «Кыргыз жараны» долбоору ишке киргизилген. Бул иш идеологиянын бир бутагы катары кызмат кылат [4].

Азыр Кыргызстанда эгемендүү республиканы сактап калуу, өнүктүрүү жана келечекте бакубат өлкөгө айландыруу идеясынын негизинде идеология иштеп чыгуу керек. Алсак, учурда Кыргызстанды сактап калуу жана күчтүү, өнүккөн мамлекетке айландыруу идеясын туу тутуп, өлкөнүн өндүрүшүн өнүктүрүүнү, Кыргызстандын калкына татыктуу жашоону камсыз кылуу идеологиясын иштеп чыгуу жана аны тутунуп жашоону турмушка ашыруу зарыл болуп саналат.

Жаш муундарды заманбап жана улуттук негизде социалдаштырууда өлкөдө жүргүзүлгөн идеологиялык иштердин мааниси чон.

Жаш муундарга бүгүнкү күндө адамзат ээ болгон алдынкы илим-билимди, өнөр жай технологияларын колдонууну жана алдыңкы эмгек тажрыйбаларына ээ болууга үйрөтүү менен бирге аларды улуттук уңгусун (баалуулуктарын, нарк-насилин ж.б.) туу тутуп жашоого үйрөтүүбүз керек.

Социалдашуу элдин социалдык-тарыхый тажрыйбасын, маданиятын, рухий-адеп-ахлак салттарын муундан-муунга өткөрүп берүүчү каражат.

Ар бир эл өзүнүн тарыхый өнүгүүсүндө өзүнө гана мүнөздүү социалдашуу салттарын жараткан. Кыргыз элинин социалдашуу салттары дегенде тарыхый өнүгүүдө эл тарабынан жаратылган жана эл сынынан өткөрүлгөн адамды коомдун мүчөсү катары жетилтүү системасын түшүнөбүз. Ошол тарбия системаны пайдалануу бүгүнкү күндөгү коомдогу көйгөйлүү маселелерди чечүүгө мүмкүндүк берет.

Г.М. Андреева: «Социалдашуу процесси татаал, эки жактуу процесс; бир жагынан адамдын социалдык байланыштардын тутумуна, социалдык чөйрөгө аралашуу аркылуу социалдык тажрыйбаларды өздөштүрүүсү болсо, экинчи жагынан социалдык чөйрөдөн ж.б. коомдук иниститтуттардан өздөштүргөн тажрыйбаларды өз аракеттеринде, жүрүм-турумунда көрсөтүшү болуп саналат»- деп эсептейт [1, 276-б.].

Социалдашууга адамдын бүт өмүрүн коштоп жүрүүчү, адамдын өз айлана чөйрөсүндөгү адамдар жана адамдар тобу менен өз ара мамилелешүүсүнүн натыйжасында адамдын социалдык чөйрөнүн жүрүм-турум нормаларын, эрежелерин өздөштүрүүсү жана аларды өз жүрүм-турумунда көрсөтүүсү деп аныктама берүүгө болот.

Жаш муундарды улуттук нукта социалдаштырууда замандын талаптарын, цивилизациянын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарыл болуп саналат. Жаш муундарыбызга улуттук негиздеги *таалим-тарбия* билим берүү системасында жаш муундарды ата-бабалар салтында тарбиялоо тажрыйбаларынын негизинде жаңы окуу программаларды, окуу китептерин түзүү аркылуу ишке ашат.

Идеологиябыз элдин наркына таянышы зарыл. Алсак, «Кан бийлигинен нарк күчтүү» - деген накыл көчмөн цивилизациясында ата-бабалардын салты өтө бекем сакталган мезгилде жаралган. Ата-бабалардын салтын сактоо менен гана, кыргыздар эл катары сакталып калган. Ошондой эле «Ырыс алды – ынтымак» - дейт элибиз. Кыргыз урууларынын, ар башка региондордун ынтымакчылыгын арттыруу идеологиянын өзөгүн түзүшү зарыл.

Идеологиянын мазмунун аныктоодо кыргыз элинин той өткөрүү, сөөк көмүү түшүнүктөрүн заман талаптарына ылайыктоо керек. Ал үчүн турмушта бактылуу болуу, элге кызмат кылуу менен байланыштуу экендигин элдин аң-сезимине синирүү жана ынандыруу, элде ушул установканы калыптандыруу негизги маселе болуп саналат. Эң башкысы жаш муундарыбыздын аң-сезимин өзгөртүп, жашоону жаратылышты жана коомду пайдалануучулук, байкоочулук позициясынан иштемчилдик, куруучулук, түзүүчүлүк жашоо принциптеринен мамиле жасоого жана ушул установканы калыптандыруубуз зарыл.

Идеологияны турмушка ашыруу адамдын, элдин аң-сезимин өзгөртүү менен тыгыз байланышта болуп эсептелет. Мында улуттук иденттүүлүктү калыптандыруунун мааниси чоң.

Азыркы кезде маалыматтык согуш күчөп, элдин аң-сезимин өзүнө багынтуу күчөөдө. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында мамлекеттик деңгээлде ар түрдүү диндердин Кыргызстанда иш жүргүзүүсүнө кеңири жол берилиши, ар кандай багыттагы диний уюмдардын ишмердигине ыңгайлуу шарттарды түзүп, түрдүү диний агымдар өлкөбүздө үгүт иштерин жүргүзүштү. Натыйжада кыргыздар ар түрдүү диндерди (индуизм, христиандык, баптистик мундук ж.б.) тутунуп жашап калышты жана жаштарыбыздын жүрүм-турумунун кескин өзгөрүшүнө алып келип: чиркөөгө каттоо, чогулуп диний ырларды ырдоо, Хитжаб кийүү, арабдардын жегдесин кийүү, даават ж.б. көрүнүштөр пайда болду. Эң өкүнүчтүүсү жаштар арасында ашыкча исламчыл болуп, радикалдашып бара жатканынын (сакал коюу, арабча дамбал кийүү, кыз-келиндердин ашыкча оронушу ж.б.) көрүнүшү. Ошондуктан идеология ишинде диний билим берүүнү улуттук негизде жүргүзүүнүн атайын программасын иштеп чыгып, аны ишке ашыруунун идеологиясы иштелип чыгылышы керек. Ошондо гана улуттук иденттүүлүктү калыптандырып, диний радикализмдин алдын алууга ошондой эле коомдогу **тууганчылык, регионализм,** трайбализм ж.б. терс көрүнүштөрдөн арылууга да жетише алабыз [3].

Улуттук идеологияны турмушка ашырууда көңүл бурчу негизги маселе бүгүнкү күнгө чейин орус тили аркылуу орус маданияты, Батыш баалуулуктары биздин аң-сезимибизге өз таасирин тийгизип келе жаткандыгы болуп саналат.

Улуттук идеология, жаш муундарды тарбиялоо турмушубуздагы реалдуу проблемаларды чечүүгө, жаркын келечекти курууга багытталышы керек. Бүгүнкү күндөгү улут алдындагы тез чечүүнү талап кылган проблемалардын бири евроцентризмден арылуу болуп саналат. Кыргыз мамлекетинин идеологиясын ишке ашырууда евроцентризмден арылуунун, кыргызцентризм идеясын турмушка ашыруунун мааниси чоң. Анткени совет мезгилинде кыргыз эли коммунизмдин идеологиясы менен бирге Батыштын цивилизациясын, жашоо философиясын, жашоо образын жана мыйзамдарын, тарбия салттарын ж.б. өтө тездик менен өзүнө сиңирип алып, өтө таанылгыс болуп өзгөрдү. Алсак, жаш муундарыбыз батыштын программасы менен окуду, тарбияланды, инсан катары жетилди. Бул элибиздин аң-сезимине, улуттук баалуулуктарына өтө күчтүү таасир этти, элибизди өзгөрттү, элибиз өтө таанылгыс болуп өзгөрдү.

Биз улутубузду сактап калуу үчүн батыш маданиятынын таасирлеринен арылышыбыз, өз маданиятыбызды туу тутуп жаш оого көнүгүү үчүн, жаш муундарыбызга улуттук негиздеги тарбия беришибиз зарыл. Ал үчүн жаш муундарыбызга улуттук негиздеги таалим тарбия берүүгө, аларды ата-бабалар салтында тарбиялоого өтүп, жаңы окуу программаларды, окуу китептерин түзүп, аны билим берүү системасына кийирүүнү ишке ашыруубуз зарыл.

Бүгүнкү күндө элибиздин кыргызча өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн бүт батыштык таасирден арылышыбыз керек. Башкача айтканда, батыштын «акылдуу» китептеринен, маданиятынан, тарбия салтынан арылып, өзүбүздүн ата тегибиз колдонгон нарк-насилдерди бүгүнкү күнгө ылайыктап, адаптациялап колдонууга өтүшүбүз керек. Батыш баалуулуктарынан арылуу аркылуу ата-бабалар тутунуп келген маданиятыбызды, наркты урматтаган жана ага негизденип жашаган муундарды тарбиялайбыз. Муну ишке ашыруу аркылуу евроцентризмден арылуу, кыргызцентризмге өтүү жүрөт. Бул иш **идеологиябыздын** бир багыты болушу шарт [4].

Азыркы кезде кыргыздардын тарыхын урдоо, туура эмес маалыматтарды таратуу күч алды. «Жерди сел бузат, Элди сөз бузат!» - деген накыл аркылуу кыргыздар ар бир сөзгө өтө жоопкерчиликтүү мамиле жасап, жаш муундарыбызды мекенге, сөзгө жоопкерчиликтүү болууга тарбиялообуз зарыл.

Кыргыздардын баалуулуктарынын багытын өзгөртүү, аны улуттук нукка алып келүү үчүн чыныгы тарыхыбызды жаш муундарга системалуу түрдө үйрөтүү керек жана байыркы баатыр эл экенибизди жаш муундарыбыздын жан дүйнөсүнө сиңирүү идеологиянын өзөгүн түзүүсү керек. Ал үчүн билим берүү системасы тарых сабагын жаны мазмунда окутууга өтүп, жаңы окуу программаларды, окуу китептерин түзүп, элдин тарыхый аң-сезимин өстүрүүсү зарыл. Ошондо гана көздөгөн максаттарга жете алабыз.

**Жыйынтык.** Идеология – коомдук рухий билимдердин татаал системасы катары, эл массасына стимул берүүчү күч катары теориялык негизге ээ болуп, аны турмушка ашырууга багытталат.

Идеологиянын күчү адамды жана коомду өзгөртүүдөн көрүнөт. Ага далил катары орус империясынын жана советтик комунисттик идеологиясы жараткан «интеллегенциябыздын» кулдук психологияга ээ экендигинен таасын көрүнөт.

Кыргыз эли бүгүнкү күндө улут катары жок болуп кетүү коркунучу курчап турган учурда, өзүнүн менталитетин сактоо аркылуу эл, улут катары сакталып кала алат. Ал үчүн атайын мамлекеттик идеология иштелип чыгылып, бүт мамлекеттик машина аны турмушка ашыруу багытында иш алып баруусу зарыл.

Улуттук идеологияга негизденип жаш муундарды тарбиялоодо жана өлкөнүн идеологиясын ишке ашырууда евроцентризмден арылуунун, кыргызцентризм идеясын турмушка ашыруунун мааниси чоң. Жаш муундарыбызды батыштын программасы менен гана окутуп, тарбиялабастан, улуттук педагогикабыздагы тарбия тажрыйбаларды билим берүү системасына кийирүү аркылуу улуттук тарбия берүүнү ишке ашырып, өзүбүздүн ата тегибиз колдонгон нарк-насилдерди бүгүнкү күнгө ылайыктап, адаптациялап колдонууга өтүшүбүз керек. Ошондо гана мамлекетибиздин улуттук негизде пайдубалын бекемдеп, улуттук өнүгүүгө жол алабыз жана аң- сезимибизде евроцентризмден кыргызцентризмге өтүү жүрөт. Эң негизгиси Батыш баалуулуктарынан арылуу үчүн ата-бабалар тутунуп келген маданиятыбызды, наркты элге жайылтуу, жаш муундарга билим берүү тутуму аркылуу үйрөтүү өтө зарыл болуп саналат.

**Адабияттар:**

1. Андреева Г.М. Социалдык психология (которгон М.С. Мурзаев). - Ош, 2003. – 368-б.
2. Мурзаев М.С. Психологиялык түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү. - Б., 2022. - 264 б.
3. Мурзаев М.С., Закиров А. Этнопсихология. / Окуу китеби. – Ош, 2015. – 264-б.
4. Мурзаев М.С. Социалдык психология. / ЖОЖдун бакалавр программасына арналган окуу китеби. – Бишкек, 2022. – 232-б.
5. Семигин Г.Ю. Идеология. // Новая философская энциклопедия: в 4 т. / пред. науч.-ред. совета В.С. Стипин. - 2-е изд., испр. и доп. - М.: Мысль, 2010. - 2816 с.
6. Мурзаев М.С. Традиции развития самосознания кыргызского народа. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2011. №. 4. С. 284-285.